«МАНАС»
УЛУТТУК
АКАДЕМИЯСЫ

НАЦИОНАЛЬНАЯ
АКАДЕМИЯ
«МАНАС»

NATIONAL ACADEMY «MANAS»

720040, Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш., И.Раззаков көч., 8/1, 8/2
ИНН 00407201910086
Тел.-факс: +996 (312) 30-10-20
https://manasacademy.kg/
e-mail: mnsait.acad@gmail.com

720040, Kyrgyz Republic,
c. Bishkek, I. Razzakov st. 8/1, 8/2
ИНН 00407201910086
Tel.-fax: +996 (312) 30-10-20
https://manasacademy.kg/
e-mail: mnsait.acad@gmail.com

720040, Кыргызская Республика,
г. Бишкек ул. И.Раззакова, 8/1, 8/2
ИНН 00407201910086
Тел.-факс: +996 (312) 30-10-20
https://manasacademy.kg/
e-mail: mnsait.acad@gmail.com

____________№_____________

"Айгине" маданий-изилдөө борбору улуттук баалуулуктарды көздүн карегиндей сактоого багыт алган, билим берүүнүн, улуттук маданияттын үлгүлөрүн эл аралык айдында жайылтууда эбегейсиз иш жасап, өлкөдөгү ар кайсы курактагы жана ар түрдүү өнөрдү аркалаган таланттарды даңазалап алардын чыгармачылыгына кам көрүп,унутулуп бара жаткан ата мурастарын, эне адептерин эске салып сактап келе жаткан борбор.

“Манас” улуттук академиясынын жамааты жана улуттук кеңештин мүчөлөрү, борбор тарабынан түзүлгөн "Кыргыз элинин бейзаттык маданий мурасынын улуттук тизмеси" жазылган концепцияларды талдап окуп чыгып, улуттук баалуулук, адеп, салт, каада, ырым-жырым, жөрөлгө,айтымдар, өнөр сыяктуут элдүүлүгүбүзгө тиешелүү баалуулуктардын баары камтылганын байкоого болот. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыктагы сөз байлыгы, макал-лакаптардагы, табышмактардагы тапкычтык, ой жүгүртүүнүн деңгээли, санат-насыят ырларынын таалим - тарбиялык мааниси маданий мурасыбыздын өзөгүн түптөп турары бышык.

Бул тизме академиялык энциклопедиялардын булактарына таянып элдик айтымдар, дуба-дарым сөздөрү, бата берүү, ант берүү, алкоо, каргыш, кошок, элдик ырлар, салт, санат, терме ырлары ар биринин аныктамасы, шилтемелери менен берилген.

Тизмеде "элдик сөз маданияты", "улуттук тек таануу", "эпикалык чыгармалар", "айтуучулук өнөр" болуп классификацияланып ар бирине атайын такталган маалыматтар менен баа берилип, жайылтуу аймагы, ошол өнөрдү алып жүрүүчүлөр жана жайылтуучулар тууралуу камтылган.

Өзгөчө , "Манас" эпосун жайылтуу боюнча ар бир сюжеттик эпизоду тууралуу жазылып алгачкы манасчылардан баштап бүгүнкү жаш манасчыларга чейин тизмектелип жазылып чыкканы Манас таануучулар

үчүн дегеле фольклор таануу илимине керектүү маалымат экендигин баса белгилөө керек.

Элибиздин бай маданияты, рухий байлыгына өзгөчө баа берилип, изилдеп, сактап, жайылтуу жана жаш муундарга таберик кылып калтыруу боюнча чоӊ эмгек жасалып жатканы кубандырат.

Атайын тиркемеге этникалык кыргыздардын айтуучуларын дагы кошуп, айрым толуктоолорду киргиздик. Эске аласыздар деген ишенимдебиз.

**“Манас” улуттук академиясынын**

**Президенти** **Азиз Биймырза уулу**